**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АТЫНАН**
**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН**
# Ч Е Ч И М И

М.М. Жорокулов, Т.У. Музулманов, С.А. Матцаков
жана Н.Ж. Жаныбековдун кайрылууларына байланыштуу
Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин
120-беренесинин жана 267-беренесинин 5-бөлүгүнүн конституциялуулугун
текшерүү жөнүндө иш боюнча

2025-жылдын 17-сентябры Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту: төрагалык кылуучу – Э.Ж. Осконбаев, судьялар Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, К.А. Дуйшеев, Л.Ч. Жолдошева, М.Ш. Касымалиев, К.Дж. Кыдырбаев, Ж.А. Шаршеналиевдин курамында, катчы К. Маамыталы кызынын;

кайрылуучу тарап – Максатбек Мергенбаевич Жорокулов жана Нурсултан Жаныбекович Жаныбековдун;

жоопкер тарап – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотундагы туруктуу өкүлү Самат Кыштообекович Ысырановдун;

үчүнчү жактар – Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Министрлер Кабинетинин Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотундагы туруктуу өкүлү Алмазбек Тавалдыевич Молдобаевдин, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун ишеним кат боюнча өкүлү Маргарита Насаркановна Сапиянованын, Кыргыз Республиканын Башкы прокуратурасынын ишеним кат боюнча өкүлдөрү Кумарбек Курманбекович Байдылдаевдин, Калыгул уулу Бакыттын, Кыргыз Республикасынын Улуттук

коопсуздук мамлекеттик комитетинин ишеним кат боюнча өкүлү Нурсултан Русланович Руслановдун, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотундагы туруктуу өкүлү Аязбек Доолосбекович Джаркынбаевдин, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин ишеним кат боюнча өкүлдөрү Илгиз Камилжанович Аскаровдун, Таалайбек Рахматиллаевич Бурановдун, Самидин Шарафудинович Боромбаевдин, Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин ишеним кат боюнча өкүлү Бермет Бактыбековна Карабаеванын катышуусунда,

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 1 жана 2-бөлүктөрүн, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 4, 17, 40, 45-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 120-беренесинин жана 267-беренесинин 5-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө ишти ачык соттук отурумунда карап чыкты.

Бул ишти кароого М.М. Жорокуловдун, Т.У. Музулмановдун, С.А. Матцаковдун жана Н.Ж. Жаныбековдун өтүнүчтөрү жана талашылып жаткан ченемдердин Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык келүүсү жөнүндө маселесинде пайда болгон аныксыздык себеп жана негиз болду.

Ишти соттук отурумда кароого даярдаган судья-баяндамачы Л.Ч. Жолдошеванын маалыматын угуп жана иштин материалдарын изилдеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

**Т А П Т Ы:**

2024-жылдын 4-сентябрында Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна М.М. Жорокуловдун жана Т.У. Музулмановдун Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин (мындан ары – КЖПК) 267-беренесинин 5-бөлүгүн Кыргыз Республикасынын

Конституциясынын (мындан ары – Конституция) 24-беренесинин 2-бөлүгүнө, 61-беренесинин 1-бөлүгүнө жана 100-беренесинин 3-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таануу жөнүндө кайрылуусу келип түшкөн.

Кайрылуудан жана ага тиркелген материалдардан белгилүү болгондой, Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Тергөө башкармалыгы тарабынан Ш.М. Пайзиевге карата кылмыш иши козголгон, анын алкагында Ош шаардык сотунун 2024-жылдын 8-июнундагы токтому менен ал Ош шаарынын мэриясынын Капиталдык курулуш башкармалыгынын начальниги кызматынан убактылуу четтетилген. 2024-жылдын 30-июлунда бул кылмыш иши кыскартылган.

Муну эске алып, Ш.М. Пайзиев, прокурор же тергөөчү талашылып жаткан ченемдин жоболорун жетекчиликке алып, аталган токтомду жокко чыгаруу жөнүндө сотко өтүнүч менен кайрылаарын болжолдогон. Бирок тиешелүү өтүнүч сотко жөнөтүлгөн эмес. Ушуга байланыштуу, ал 2024-жылдын 13-августунда кызматтан убактылуу четтетүү жөнүндө токтомду жокко чыгаруу тууралуу өтүнүч менен Ош шаардык сотуна өз алдынча кайрылган. Ошол эле жылдын 16-августундагы соттун аныктамасы менен КЖПКнын 267-беренесинин 5-бөлүгүнө шилтеме жасалып, өтүнүчтү канааттандыруудан баш тартылган, ага ылайык, мындай өтүнүчтү берүү укугу прокурорго же тергөөчүгө гана таандык.

Арыз ээлери сотко кайрылуу укугун прокурор жана тергөөчү үчүн гана берүү менен чектөө Конституцияга карама-каршы келет деп эсептешет. Алардын пикири боюнча, Конституциянын 100-беренесинин 3-бөлүгү тараптардын атаандаштыгы жана тең укуктуулугу принциптерин бекитет, аларды ишке ашыруу КЖПКнын 5 жана 6-главаларынын жоболору менен камсыз кылынат, алар кылмыш-жаза процессинин тараптары айыптоо жана коргоо экенин түз аныктайт. Бирок колдонуудагы жөнгө салуу айыпталуучуну жана анын жактоочусун тергөө судьясынын токтомун жокко чыгаруу жөнүндө өз алдынча өтүнүч келтирүү мүмкүнчүлүгүнөн иш жүзүндө ажыратат, натыйжада тараптардын ортосундагы процессуалдык тең салмактуулук бузулат.

Мындан тышкары, мындай жобо иш жүзүндө адамдын негизги укуктарынын бири – Конституциянын 61-беренесинин 1-бөлүгү менен кепилдеген сот аркылуу коргонууга болгон укукту ишке ашырууну мүмкүн эмес кылат. Ал эми бул өз маңызы боюнча анын конституциялык маанилүү көлөмдө жоготулушунан кабар берет.

Өз көз карашын ырастоо үчүн арыз ээлери Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2014-жылдын 12-февралындагы жана 31-октябрындагы чечимдерине шилтеме жасашат, анда ар бир адамдын сот аркылуу коргонууга болгон укугу, тараптардын укуктарын жана милдеттерин аныктоого байланыштуу бардык олуттуу маселелерди натыйжалуу жана адилеттүү кароону камсыз кыла ала турган шарттарды түзүү боюнча мамлекеттин милдетин болжойт деп белгиленген. Ошол эле учурда, бул укукту ар кандай чектөөлөр пропорционалдуу жана конституциялык баалуулуктарды коргоо зарылчылыгы менен шартталышы керек.

Жогоруда баяндалгандарды эске алуу менен М.М. Жорокулов жана Т.У. Музулманов талашылып жаткан ченемди Конституцияга карама-каршы келет деп таанууну суранышат.

Конституциялык соттун судьялар коллегиясынын 2024-жылдын 26-сентябрындагы аныктамасы менен өтүнүч өндүрүшкө кабыл алынган.

2025-жылдын 5-мартында Конституциялык сотко С.А. Матцаков менен Н.Ж. Жаныбековдун КЖПКнын 120-беренесинин айыпталуучунун жана анын жактоочусунун, ошондой эле процесстин башка катышуучуларынын кызматтан убактылуу четтетүү жөнүндө токтомду жокко чыгаруу тууралуу сотко кайрылуу жана тиешелүү соттук токтомдорго даттануу укугун караштырбаган бөлүгүндө конституциялуулугун текшерүү жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Арыз ээлеринин пикири боюнча, талашылып жаткан ченем Конституциянын бир катар жоболоруна карама-каршы келет. Атап айтканда, күнөөсүздүк презумпциясын бекиткен 57-беренеге, анткени иш жүзүндө убактылуу четтетүү өкүм чыгарылганга чейин мөөнөтүнөн мурда санкция катары кабыл алынат. Ар бир адамдын эмгекке, кесипти жана иштин түрүн

эркин тандоого, ошондой эле эмгектин адилеттүү шарттарына жана сый акыга укугу кепилденген 42-беренеге карама-каршы келет. Кызматтан убактылуу четтетүү чарасын колдонуу эмгек ишмердүүлүгүн улантууну, эмгек акы алууну жана өзүнө жана үй-бүлөсүнө татыктуу жашоо деңгээлин камсыз кылууну иш жүзүндө мүмкүн эмес кылат, бул эмгек укуктары чөйрөсүнө жол берилген кийлигишүүнүн чегинен чыгып, жаза мүнөзүн алат. Ар бир адамга сот аркылуу коргонуу укугун камсыз кылган 61-беренеге карама-каршы келет, анткени даттануу укугунун жоктугу айыпталуучуну сот чечимдерин кайра кароонун натыйжалуу механизмдерине жетүү мүмкүнчүлүгүн чектейт. Тараптардын тең укуктуулугун жана атаандаштыгын бекиткен 100-беренеге карама-каршы келет, анткени коргоо тарабы тең эмес процессуалдык шарттарда турат.

Өз доомattарын ырастоо үчүн арыз ээлери Т. Рыскул уулунун ишине шилтеме жасашат, ал Бишкек шаарынын Биринчи май райондук сотунун тергөө судьясынын 2024-жылдын 27-ноябрындагы токтому менен ага карата козголгон кылмыш ишине байланыштуу Бишкек шаардык ички иштер башкы башкармалыгынын патрулдук милиция кызматы башкармалыгынын укук колдонуу практикасы бөлүмүнүн улук инспектору кызматынан убактылуу четтетилген. Ошол эле учурда, аны ээлеген кызмат ордунан төмөндөтүү менен бошотуу жөнүндө буйрук болгонуна карабастан, чара күчүндө кала берген, ал эми соттун токтомуна даттануу мүмкүн эмес болгон.

Жогоруда баяндалгандардан улам, арыз ээлери КЖПКнын 120-беренесин айыпталуучунун жана анын жактоочусунун сот аркылуу коргонуу жана кызматтан убактылуу четтетүү жөнүндө чечимдерди кайра кароого болгон укугун жокко чыгарган бөлүгүндө конституциялык эмес деп таанууну суранышат.

Конституциялык соттун судьялар коллегиясынын 2025-жылдын 18-мартындагы аныктамасы менен өтүнүч өндүрүшкө кабыл алынган.

Жогоруда көрсөтүлгөн кайрылуулардагы талаптардын бирдейлигине байланыштуу, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 32-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-пунктунун талаптарына ылайык, судья-баяндамачынын 2025-жылдын 18-мартындагы

аныктамасы менен алар боюнча иштер бир конституциялык сот өндүрүшүнө бириктирилген.

Кийинчерээк Н.Ж. Жаныбеков өтүнүчкө толуктоо киргизип, анда кызматтан убактылуу четтетүү түрүндөгү чараны колдонуунун эмгектик жана социалдык кесепеттерине көңүл бурган. Анын пикири боюнча, мындай чара олуттуу материалдык жоготууларга алып келет, үй-бүлөнүн социалдык абалына терс таасирин тийгизет жана кийинчерээк кесиптик ишмердүүлүккө кайтууга жана ишкердик репутацияны калыбына келтирүүгө чыныгы тоскоолдуктарды жаратат.

Ал ошондой эле бул чаранын колдонулушуна каршы чыгууга мүмкүндүк берген натыйжалуу укуктук механизмдердин жоктугу аталган терс кесепеттерди күчөтөөрүн белгилеген, анткени ал адамга бузулган эмгек жана социалдык укуктарын соттук коргоонун натыйжалуу каражаттары камсыз кылынбайт. Буга байланыштуу арыз ээси соттук коргоого жана сот чечимдерин кайра кароого болгон укуктун эл аралык-укуктук кепилдиктерине шилтеме жасап, аларды ишке ашырбоо соттук каталардын кайтарылгыс болуу коркунучун жогорулатып, сот системасына болгон ишенимди төмөндөтөөрүн баса белгилеген.

Берилген жүйөлөрдү негиздеп, ал бир катар мамлекеттердин, анын ичинде Россия Федерациясынын, Казакстан Республикасынын жана Өзбекстан Республикасынын мыйзамдарында кызматтан убактылуу четтетилген адамдардын эмгектик жана процессуалдык укуктарын коргоонун укуктук механизмдери каралгандыгын белгилеген. Аларга, атап айтканда, эмгек акынын бир бөлүгүн сактоо жана тиешелүү сот актыларына даттануу укугу кирет.

Арыз ээсинин пикири боюнча, Кыргыз Республикасынын улуттук мыйзамдарына ушул сыяктуу кепилдиктерди киргизүү адилеттүүлүк принцибин камсыз кылууга жана жарандардын социалдык-экономикалык укуктарын тийиштүү түрдө коргоого өбөлгө түзөт.

Сот отурумунун жүрүшүндө кайрылуучу тараптар келтирилген жүйөлөрдү колдошуп, билдирилген талаптарды ырасташты жана аларды толук көлөмдө канааттандырууну сураныштьы.

Жоопкер-тараптын атынан иш алып барган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотундагы туруктуу өкүлү С.К. Ысыранов арыз ээлеринин жүйөлөрү менен макул эместигин билдирди жана талашылып жаткан ченемдер Конституцияга карама-каршы келбейт деп эсептейт.

Өз көз карашын негиздөө үчүн, өкүл, КЖПКда бекитилген кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн жалпы принциптерине ылайык, адам, анын укуктары жана эркиндиктери эң жогорку баалуулук катары таанысларын, ал эми кылмыш куугунтугун жүзөгө ашыруучу органдар жана кызмат адамдары Конституциянын жана мыйзамдардын жоболорун так сактоого милдеттүү экендигин белгиледи.

Бул көз карашты өнүктүрүү менен, С.К. Ысыранов КЖПКнын 117-беренесинин 1-бөлүгүнө шилтеме жасаган, ага ылайык кылмыш-жаза сот өндүрүшүн жүргүзгөн органдар Кодексте каралган тартипти сактоого жана өкүмдүн тийиштүү түрдө аткарылышын камсыздоого багытталган чараларды колдонууга укуктуу.

Мындай чаралардын бири КЖПКнын 120-беренеси менен жөнгө салынуучу айыпталуучуну кызматынан убактылуу четтетүү болуп саналат. Бул чара тергөөчү, прокурор же сот тарабынан айыпталуучу ээлеген кызмат ордунда калуу менен ишти объективдүү тергөөгө тоскоолдук кылышы же кылмыш ишин улантышы мүмкүн деп эсептөөгө жетиштүү болгондо колдонулат.

Өкүл убактылуу четтетүү жаза эмес, убактылуу жана камсыз кылуучу мүнөзгө ээ жана сот адилеттигинин кызыкчылыктарын коргоого, анын ичинде процесстин катышуучуларына басым жасоону болтурбоого гана багытталган деп баса белгилеген.

Ошондуктан, С.К. Ысырановдун пикири боюнча, айыпталуучуга тергөө судьясынын кызматтан убактылуу четтетүү жөнүндө токтомуна өз алдынча

даттануу укугун берүү анын натыйжалуулугун төмөндөтүүгө жана кийинчерээк сотко чейинки өндүрүштүн мөөнөттөрүн созууга алып келиши мүмкүн. Ал кошумча түрдө алдын ала тергөөнүн купуялуулугун сактоо зарылчылыгын көрсөткөн, бул да аталган чараны колдонууну демилгелөөгө же жокко чыгарууга ыйгарым укуктуу субъекттердин чектелген чөйрөсүн белгилөөнү актайт.

Жоопкер-тарап кызматтан убактылуу четтетүү чарасын колдонуу зарылчылыгы жоюлган учурларда, ал прокурордун же тергөөчүнүн өтүнүчү боюнча тергөө судьясынын, ал эми соттук териштирүүдө судьянын же соттун токтому менен жокко чыгарылат, бул анын убактылуу мүнөзүн ырастайт деп белгилеген (КЖПКнын 267-беренесинин 5-бөлүгү).

Мындан тышкары, С.К. Ысыранов КЖПКнын 13-беренесин көрсөткөн, ал кылмыш-жаза процессинин бардык стадияларында соттук коргоону камсыз кылуу принцибин бекитет, бул принцип КЖПКнын V бөлүмүндө такталганын белгилеген, ал процессуалдык өтүнүчтөр менен кайрылуу тартибин, ошондой эле алгачкы текшерүү органдарынын, тергөөчүнүн, прокурордун жана кылмыш-жаза процессинин катышуучуларынын укуктарына жана кызыкчылыктарына таасир эткен башка кызмат адамдардын аракеттерине жана чечимдерине даттанууну жөнгө салат.

Жыйынтыктап жатып, С.К. Ысыранов, эгер актоо өкүмү чыгарылса, кызматынан убактылуу четтетилген адам реабилитацияга, анын ичинде кызмат ордуна кайра орноштурууну жана мажбурлап иштебей калган убактысы үчүн компенсация алууга укуктуу экенин баса белгиледи.

Ошентип, жоопкер-тараптын пикири боюнча, колдонуудагы мыйзамдар айыпталуучунун укуктарын коргоонун бардык зарыл жана жетиштүү кепилдиктерин камтыйт жана Конституцияга ылайык келет.

Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Министрлер Кабинетинин Конституциялык соттогу туруктуу өкүлү А.Т. Молдобаев жоопкер-тараптын көз карашы менен макулдугун билдирип, талашылып жаткан ченемдер Баш мыйзамга карама-каршы келбейт деп белгилеген. Анын пикири боюнча, Конституциянын 23-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, укуктар

жана эркиндиктер улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти жана башка адамдардын укуктарын коргоо максатында мыйзам менен чектелиши мүмкүн, бирок бул учурда пропорционалдуулук принциби сакталууга тийиш.

Бул конституциялык жободон улам, ал кызматтан убактылуу четтетүү кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн максаттарын камсыз кылууга багытталган мыйзамда каралган чара болуп саналат жана кийлигишүүнүн пропорционалдуулук принцибин сактоо менен колдонулат деп түшүндүргөн. Аны колдонуу зарылчылыгы иштин жагдайларына жана айыпталуучунун инсандыгына жараша индивидуалдуу түрдө аныкталат, ал эми сот, тергөөчүнүн жүйөлөрүнүн негиздүүлүгүн текшерүүгө милдеттүү, бул аталган чаранын өзүм билемдик менен колдонулушун жокко чыгарат. Ал, убактылуу четтетүү жазалоочу мүнөзгө ээ эмес, күнөөнү моюнга алууну билдирбейт жана негиздер жоюлганда жокко чыгарылууга тийиш, ошондуктан арыз ээлеринин күнөөсүздүк презумпциясынын бузулушу жөнүндө жүйөлөрү негизсиз деп баса белгилеген.

А.Т. Молдобаев ошондой эле убактылуу четтетүү эмгек укугун да чектебей турганын белгиледи, анткени ал башка тармакта иштөө мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарбай, конкреттүү кызматты ээлөөгө гана тоскоолдук кылат деп белгиледи. Адам акталган же анын кылмыш иши реабилитациялоочу негиздер боюнча кыскартылган учурда, убактылуу иштен четтетилген мезгил аралыгы үчүн компенсация алуу менен кайрадан кызматына калыбына келтирилет.

Айыпталуучунун жана анын жактоочусунун четтетүү чечимине өз алдынча даттануу укугунун жоктугуна токтоло жатып, өкүл бул маселени Конституциялык соттун кароосуна калтырган, ошону менен бирге, бул чара мамлекеттин демилгеси менен колдонулганын эске алуу менен, аны колдонуу учурунда компенсация төлөө тартибин мыйзам деңгээлинде жөнгө салуу зарылдыгын белгилеген.

Жогорку соттун өкүлү М.Н. Сапиянова да талашылып жаткан ченемдер Конституцияга карама-каршы келбейт деп көрсөткөн. Анын пикири боюнча, убактылуу четтетүүнү жокко чыгаруу жөнүндө өтүнүчтөрдү кароонун

белгиленген тартиби кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн концепциясына ылайык келет жана жеке укуктар менен сот адилеттигинин кызыкчылыктарынын ортосундагы тең салмактуулукту камсыз кылат. Чара тергөөгө кийлигишүүнү, күбөлөргө жана жабырлануучуларга басым жасоону, ошондой эле кызматтык абалды мыйзамга каршы колдонууга жол бербөөнү көздөйт. М.Н. Сапиянова сот актыларын кайра кароонун конституциялык кепилдиктери абсолюттук эмес жана мыйзамда белгиленген чектерде ишке ашырылат, бул сот чечимдеринин туруктуулугун жана сот адилеттигинин акыркы принцибин сактоону камсыз кылат деп баса белгилеген.

Башкы прокуратуранын өкүлү К.К. Байдылдаев жоопкер-тараптын көз карашын колдоп, талашылып жаткан ченемдер Конституцияга ылайык келет деп белгилеген. Ал статистикалык маалыматтарды келтирди, ага ылайык 2023-жылы соттор тарабынан КЖПКнын 120-беренеси боюнча 89 материал каралган, 2024-жылы — 187, ал эми 2025-жылдын алты айында — 77. Ошол эле учурда, ал белгилегендей, аларды кароодо тараптардын укуктарынын бузулушу аныкталган эмес.

К.К. Байдылдаев биринчи өтүнүч боюнча Ш.М. Пайзиевдин ишине комментарий берип жатып, ага карата Кылмыш-жаза кодексинин 210-беренесинин 4-бөлүгүндө каралган – ишенип берилген мүлктү өзгөчө ири өлчөмдө ыйгарып алуу же коротуу кылмышынын белгилери боюнча өндүрүш жүргүзүлгөнүн түшүндүрдү. Бул берененин эскертүүсүн колдонуу менен ал келтирилген зыяндын ордун толтургандыгына байланыштуу кылмыш-жаза жоопкерчилигинен бошотулган, тактап айтканда реабилитациялоочу негиздер боюнча эмес.

Ал убактылуу четтетүүнү жокко чыгаруу маселеси КЖПКнын 251–260-беренелеринде атайын ченемде түз каралбагандыгын белгилеген. Ошол эле учурда, иш кыскартылгандан кийин тергөөчү материалдарды прокурорго жөнөтөт, ал белгиленген мөөнөттө тиешелүү чечимди, анын ичинде кызматтан убактылуу четтетүүнү жокко чыгаруу жөнүндө чечимди кабыл алат. Демек, убактылуу четтетүү процессуалдык камсыз кылуу чарасы

болуп саналат, ал эми аны жокко чыгаруу тартиби КЖПКнын жалпы жоболорунан келип чыгып, өзүнчө жөнгө салууну талап кылбайт.

Т. Рыскул уулунун ишине байланыштуу экинчи өтүнүч боюнча К.К. Байдылдаев, ал кызматтан бошотулбаганын, болгону кызматтык иликтөөнүн негизинде кызмат орду төмөндөтүлгөнүн, бул кылмыш-жаза процессине эмес, тартиптик чөйрөгө тиешелүү экенин тактаган. Ошондуктан, анын пикири боюнча, бул процедураларды байланыштыруу туура эмес. Ал колдонулган бардык чаралар кызматтык этиканын нормаларына жана колдонуудагы мыйзамдарга ылайык келгенин баса белгилеген.

Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин өкүлү Н.Р. Русланов көрсөтүлгөн мамлекеттик органдардын позициясына окшош жүйөлөрдү баяндаган.

Юстиция министрлигинин туруктуу өкүлү А.Д. Джаркынбаев да талашылып жаткан ченемдер Конституцияга карама-каршы келбейт деп эсептейт.

Ал КЖПКнын жоболору айыпталуучунун жана коргоочунун четтетүү жөнүндө өтүнүчтү кароого катышуусун, каршы пикирлерди жана арыздарды берүү мүмкүнчүлүгүн караштырат, бул сот адилеттигине жетүүнү кепилдейт деп баса белгилеген. Ошол эле учурда, анын пикири боюнча, өз алдынча даттануу укугунун жоктугу соттук коргоону жокко чыгарбайт, тескерисинче, бул укукту ишке ашыруунун процессуалдык алкагын гана аныктайт.

Ошол эле учурда, А.Д. Джаркынбаев КЖПКнын 267-беренесинин 6-бөлүгүнүн тергөө судьясынын аныктамасына даттануу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарган ченеми пропорционалдуулук принциби жана натыйжалуу соттук коргоону камсыз кылуу жагынан кошумча баалоону талап кылат деп белгилеген. Ал кылмыш иши кыскартылганда тергөөчүнү убактылуу четтетүүнү жокко чыгаруу маселесин бир эле учурда чечүүгө милдеттендирген мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүү маселесин кароону сунуштаган.

Ички иштер министрлигинин өкүлдөрү И.К. Аскаров, Т.Р. Буранов жана С.Ш. Боромбаев Башкы прокуратуранын позициясын колдоп, колдонуудагы жөнгө салуу мамлекеттин жана инсандын кызыкчылыктарынын тең

салмактуулугун камсыз кылат деп белгилешкен. Кызматтан четтетилген кызматкерлерди социалдык коргоо үчүн төлөмдөр каралган: алгачкы эки ай үчүн — кызматтык маянанын 50%, кошумча төлөмдөр сакталат, үчүнчү жана төртүнчү айлар үчүн — наамы жана иштеген жылдары үчүн кошумча төлөмдөр. Бул, алардын пикири боюнча, ченемдерди кайра кароону ашыкча кылган укуктук жана социалдык кепилдиктердин бар экендигин ырастайт.

Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин өкүлү Б.Б. Карабаева эмгек мыйзамдары кызматтан эмес, жумуштан четтетүүнү гана жөнгө салат жана КЖПКнын процессуалдык ченемдерин кайталабайт деп түшүндүргөн. Ал колдонуудагы Эмгек кодексинде соттук териштирүү мезгилинде эмгек акы төлөө мүмкүнчүлүгү кошумча бекитилгендигин, бул кызматкерлерди социалдык коргоого багытталгандыгын белгилеген.

Конституциялык сот тараптардын жүйөлөрүн талкуулап, үчүнчү жактардын түшүндүрмөлөрүн угуп жана иштин материалдарын изилдеп чыгып, төмөнкүдөй тыянакка келди.

1. “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 17-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык Конституциялык сот кайрылууда козголгон предмет боюнча анын ченемдик укуктук актынын конституциялуулугу күмөн жараткан бөлүгүнө карата гана актыларды чыгарат.

Ошентип, Конституциялык соттун бул иш боюнча кароосунун предмети болуп төмөнкүдөй редакцияда берилген Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 120 жана 267-беренесинин 5-бөлүгү болуп саналат:

“120-берене. Кызматтан убактылуу четтетүү

1. Тергөөнүн жүрүшүндө тергөө судьясы, ал эми сот өндүрүшүндө - сот тергөөчүнүн, прокурордун же жабырлануучунун өтүнүчү боюнча бул кызматта калуу менен ишти сотто калыс кароого же териштирүүгө тоскоолдук кылат же кылмыштуу ишти жасоону улантат деп болжолдоого жетиштүү негиздер болгондо, шектүүнү, айыпталуучуну кызматынан убактылуу бошотууга укуктуу.

2. Өтүнүчтүн негиздүүлүгүн ырастоочу документтерди тиркөө менен кызматтан убактылуу четтетүү жөнүндө өтүнүчтү козгоо жөнүндө токтомдун көчүрмөсү тергөөчү, прокурор тарабынан айыпталуучуга, анын адвокатына аны тергөө судьясына, сотко бергенге чейин 3 сааттан кечиктирбестен тапшырылат.

3. Айыпталуучуну кызматынан убактылуу четтетүү жөнүндө тергөө судьясынын, судьянын токтому, соттун аныктамасы алар иштеген жер боюнча уюмдун жетекчисине жиберилип, жетекчи аларды алгандан кийин 3 күндүк мөөнөттө аткарууга жана бул жөнүндө тергөөчүгө, прокурорго же сотко кабарлоого милдеттүү.

4. Айыпталуучуну кызматынан убактылуу четтетүү бул чараны колдонуунун зарылдыгы жок болгондо, судьянын токтому, соттун аныктамасы менен жокко чыгарылат.”.

“267-берене. Кызмат ордунан убактылуу четтетүү жөнүндө өтүнүчтү кароо тартиби

5. Айыпталуучуну кызмат ордунан убактылуу четтетүү, мындай чараны көрүү зарылдыгы болбой калганда, прокурордун, тергөөчүнүн өтүнүчү боюнча тергөө судьясынын, ал эми соттук териштирүүдө судьянын, соттун токтому менен жокко чыгарылат.”.

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодекси мыйзамдарда белгиленген тартипке ылайык кабыл алынган, “Эркин-Тоо” гезитинин 2021-жылдын 16-ноябрындагы №122-133 санына жарыяланган, Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген жана колдонуудагы болуп саналат.

2. Конституциянын 1-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык Кыргыз Республикасы укуктук мамлекет болуп саналат.

Укуктук мамлекеттин конституциялык принциби жана укук тартиби категориясы диалектикалык өз ара байланышта. Укуктук мамлекет принциби бүткүл укуктук системаны өнүктүрүүнүн ченемдик-баалуулук багыттарын аныктайт, ал эми укук тартиби алардын конкреттүү институционалдык жана практикалык ишке ашырылышы болуп саналат. Башкача айтканда, укук

тартиби коомдук турмушта укуктук мамлекет идеясын материалдаштыруунун формасы болуп саналат, анткени туруктуу жана кепилденген укук тартиби аркылуу укуктун үстөмдүгү, инсандын укуктарын жана эркиндиктерин реалдуу таануу жана коргоо, ошондой эле мамлекеттик бийликтин бүткүл системасынын иштешинин алдын ала болжолдонушу жана туруктуулугу камсыз кылынат. Өз кезегинде, укуктук мамлекетсиз конституциялык стандарттарга ылайыктуу укук тартибин түзүү мүмкүн эмес, бул алардын өз ара көз каранды жана өз ара шартталган мүнөзүн баса белгилейт.

Укук тартиби анын динамикалык түшүнүгүндө — бул жөн гана мыйзамдуулуктун абалы эмес, мамлекеттик механизмдин анын бузулушуна акылга сыяр жана мыйзамдуу жооп кайтаруу жөндөмдүүлүгү. Кылмыш — бул укук тартибине эң орой чакырык, социалдык мамилелерди туруксуздаштыруучу жана адилеттүүлүккө болгон коомдук ишенимди бузуучу акт. Сотко чейинки өндүрүш мамлекеттин бул чакырыкка карата алгачкы расмий реакциясын билдирет. Ачыктык жана атаандаштык шарттарында өкүм чыгаруучу соттон айырмаланып, тергөө "талаа шарттарында" иш жүргүзөт, мында маалымат башаламан, далилдер жашырылган, ал эми жагдайлар реконструкциялоону талап кылат. Дал ушул стадияда кылмыштын башаламан окуясы тартипке салынган, таризделген юридикалык фактыга айланат, ал процессуалдык формага ээ болот. Бул этапсыз кийинки сот адилеттиги мүмкүн эмес болмок.

3. Сотко чейинки өндүрүш мамлекеттин укук тартибине болгон чакырыкка институционалдык реакциясы катары стихиялуу же өзүм билемдик аракет эмес. Ал Конституция жана кылмыш-жаза процессуалдык мыйзам менен курулган, так аныкталган процессуалдык талаанын алкагында жүзөгө ашырылат.

Бул функцияны ишке ашыруу кылмыш куугунтугун жүзөгө ашыруучу атайын ыйгарым укуктуу мамлекеттик институттарга жүктөлөт. Алардын катарына алгачкы тергөө, тергөө, прокуратура органдары жана тергөө судьялары кирет. Алардын ишмердүүлүгү, биринчи кезекте, процессуалдык чындыкты аныктоого, тагыраак айтканда, жасалган кылмыштын жагдайларын

аныктоого, күнөөлүү адамды табууга жана сот тарабынан акыркы баалоого тийиш болгон далилдерди процессуалдык бекитүүгө багытталган.

Бул милдеттерди аткаруу үчүн кылмыш-жаза процессуалдык мыйзам процессуалдык каражаттардын кеңири комплексин караштырат. Алардын арасында кылмыш-жаза сот өндүрүшүн камсыз кылуу чараларынын системасы (КЖПКнын IV бөлүмү) өзгөчө мааниге ээ. Ошентип, аларга, атап айтканда, кармоо, бөгөт коюу чаралары (камакка алуу, үй камагы, күрөө, башка жакка чыкпоо жөнүндө кол коюу жана башкалар) жана кылмыш-жаза сот өндүрүшүн камсыз кылуунун башка чаралары (кызматтан убактылуу четтетүү, айдатып келүү, мүлккө камак салуу, акчалай жаза салуу) кирет.

Бир жагынан, аларды колдонуу аркылуу сотко чейинки өндүрүштүн максаттарына жетет, ал эми экинчи жагынан, алар инсандын конституциялык укуктарын жана эркиндиктерин чектөө менен эң жогорку деңгээлде байланышкандыгын баса белгилөө маанилүү.

Буга байланыштуу кылмыш-жаза сот өндүрүшүн камсыз кылуу чаралары тергөөнүн натыйжалуулугунун зарыл куралдары гана эмес, ошондой эле укук тартибинин абалынын индикатору катары да чыгат. Аларды колдонуунун мүнөзүнөн коомдук кызыкчылыктар менен жеке кепилдиктердин ортосундагы тең салмактуулук, коомдун укуктун үстөмдүгү принцибине болгон ишеними жана кылмышка мамлекеттик реакциянын легитимдүүлүгү көз каранды. Ошондуктан, так укуктук регламент болгондо, пропорционалдуулук жана зарылчылык принциптери сакталганда, ошондой эле ыйгарым укуктуу органдар тарабынан белгиленген процедуралардын чегинде өз убагында жооп кайтарылганда гана аларды колдонууга жол берилет. Бул жеке эркиндик чөйрөсүнө өзүм билемдик менен кийлигишүүнү жокко чыгарат.

4. Жогоруда белгиленгендей, кылмыш-жаза сот өндүрүшүн камсыз кылуу чараларынын бири болуп кызматтан убактылуу четтетүү саналат. Бул чараны колдонуу жана жокко чыгаруу тартиби КЖПКнын 120 жана 267-беренелеринде бекитилген. Бул ченемдер кылмыш-жаза өндүрүшүнүн жүрүшүндө тергөөчүнүн, прокурордун же жабырлануучунун өтүнүчү боюнча,

айыпталуучу кызмат ордунда калуу менен иштин объективдүү тергелишине жана сотто каралышына тоскоолдук кылышы же кылмыштуу ишмердүүлүгүн улантышы мүмкүн деп эсептөөгө жетиштүү негиздер болгондо, сот аны кызматтан убактылуу четтетүүгө укуктуу деп караштырат.

Көрсөтүлгөн чараны колдонуунун максаттары процессуалдык мажбурлоо чараларын тандоонун жалпы негиздеринен келип чыгат жана айыпталуучу өзүнүн кызматтык абалын колдонуп, иш боюнча чындыкты аныктоого тоскоолдук кылууга жөндөмдүү болгон кырдаалдарды болтурбоого багытталгандыгын белгилей кетүү керек. Убактылуу четтетүү кылмыштуу ишмердүүлүктү улантуу, процесстин катышуучуларына белгилүү бир аракеттерге же чечимдерге ыктоо үчүн басым жасоо, далилдерди жок кылуу же жасалмалоо, ошондой эле кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн жүрүшүнө башкача кийлигишүү реалдуу коркунучу болгондо колдонулат. Өзүнүн укуктук табияты боюнча бул чара өзгөчө алдын алуучу жана камсыз кылуучу мүнөзгө ээ. Ал адамды жазалоого багытталган эмес, тескерисинче, кылмыш-жаза процессинин натыйжалуулугуна, калыстыгына жана мыйзамдуулугуна объективдүү коркунуч туудурган жагдайларды жоюу каражаты катары кызмат кылат.

Ошол эле учурда, кызматтан убактылуу четтетүү мөөнөтсүз мүнөзгө ээ эмес жана аны колдонууга негиз болгон жагдайлар жоюлса, жокко чыгарылууга тийиш. Мындай жөнгө салуу бул чаранын так убактылуу мүнөзүн камсыз кылууга багытталган жана анын бар болушун кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн объективдүүлүгүнө коркунучтарды жоюу зарылчылыгы менен гана байланыштырат. Демек, убактылуу четтетүүнү колдонуунун узактыгы коюлган милдеттерге пропорционалдуу болушу жана негиздердин бар болуу мөөнөтү менен гана чектетилиши керек, ошону менен анын аракеттеринин негизсиз сакталышын жана айыпталуучунун эмгектик жана башка укуктарын өзүм билемдик менен чектөөнү алдын алат.

5. Кызматтан убактылуу четтетүү кылмыш-жаза сот өндүрүшүн камсыз кылуу чарасы катары эмгекке болгон конституциялык укуктун эмгек ишмердүүлүгүн улантуу жана ага байланыштуу кепилдиктерди пайдалануу

мүмкүнчүлүгү менен байланышкан бөлүгүнө түздөн-түз таасир этет. Бул чараны колдонуу айыпталуучунун кызматтык милдеттерин аткаруу жана ага байланыштуу эмгектик жеңилдиктерди алуу укугунан убактылуу ажыратылышын билдирет. Мындай кийлигишүү, өз маңызы боюнча, кесипти тандоонун абстракттуу эркиндигин эмес, адамдын өз кызмат ордун сактоо жана эмгек аркылуу жашоо шарттарын камсыз кылуу укугун чектейт.

Конституциялык сот өз чечимдеринде эмгекке болгон укук кесипти эркин тандоону гана эмес, эмгек шарттарын жана кепилдиктерин сактоо менен аны иш жүзүндө ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүн да камтыйт деп белгилеген. Буга байланыштуу эмгек эркиндиги жана эмгекке болгон укук эмгекке жөндөмдүү жарандардын жашоосунун жана ишмердүүлүгүнүн пайдубал укуктук негиздерин аныктаган, бири-бирин толуктоочу категориялар катары каралышы керек. Бирок Конституция эмгек чөйрөсүндө чектөөлөрдү киргизүү мүмкүнчүлүгүнө жол берет, эгерде алар коомдун коопсуздугу көз каранды болгон конституциялык маанилүү максаттарды көздөсө. Мындай чектөөлөр мыйзам менен гана жол берилет жана пропорционалдуулук талаптарына ылайык келиши керек (2014-жылдын 4-июлундагы, 2015-жылдын 15-апрелиндеги, 2018-жылдын 19-сентябрындагы жана 2019-жылдын 6-мартындагы чечимдер).

Ушундан улам, кызматтан убактылуу четтетүү сот адилеттигинин, коомдук тартиптин кызыкчылыктарын жана башка адамдардын укуктарын коргоо үчүн зарыл болгон учурда гана эмгекке болгон укукту жол берилүүчү чектөө катары каралышы мүмкүн. Четтетүү жөнүндө чечимди сот гана кабыл алаарын белгилеп, мыйзам чыгаруучу инсандын конституциялык укуктарын коргоонун кошумча кепилдигин камсыз кылган жана эмгек укуктары чөйрөсүнө өзүм билемдик менен кийлигишүү мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарган.

Ошол эле учурда, кызматтан убактылуу четтетүү мезгилинде эмгек акыны сактоого жана башка төлөмдөрдү берүүгө тиешелүү маселелер колдонуудагы эмгек жана атайын мыйзамдар менен жөнгө салынган. Башкача айтканда, кызматтан убактылуу четтетүүдө эмгек акы төлөө маселелери эмгек

жана башка тармактык мыйзамдардын предметине кирет жана кылмыш-жаза процессуалдык жөнгө салуунун бөлүгү болуп саналбайт.

Кызматтан убактылуу четтетүү жөнүндө чечимди сот гана кабыл ала алаарын белгилей кетүү зарыл. Соттук тартип кылмыштык куугунтуктоо органдарынын негизсиз кийлигишүүсүн жокко чыгарат жана эмгек укуктарын чектөө маселеси тараптардын тең укуктуулугу жана атаандаштык принциптеринин негизинде чечилишине кепилдик берет. Айыпталуучу жана анын жактоочусу өз жүйөлөрүн жана каршы пикирлерин билдирүү мүмкүнчүлүгүнө ээ, бул маселени объективдүү чечүүгө камсыз кылат.

Конституциянын 61-беренесине (1-бөлүгү), 94-беренесине (1-бөлүгү), 95-беренесине (1-бөлүгү) жана 100-беренесине ылайык, сот гана, адилеттүүлүк органы катары, инсандын укуктарын чектөөгө байланыштуу маселелерди чечүүдө адилеттүү жол-жобону жана алардын талаптагыдай сакталышын камсыз кылууга милдеттүү. Ушуга байланыштуу КЖПК убактылуу четтетүүнүн колдонуулушун өндүрүштүн ар кандай стадияларында колдонууну жөнгө салат: бул маселе сотко чейинки өндүрүш стадиясында алгачкы текшерүү жана тергөө органдарынын аракеттерине көзөмөл жүргүзгөн тергөө судьясы тарабынан каралат, ал эми соттук териштирүүдө — кылмыш ишин маңызы боюнча караган түздөн-түз сот тарабынан. Мындай механизм иштин жагдайларын көз карандысыз баалоону жана мыйзамдуулук менен адилеттүүлүк принциптерине шайкештикти камсыз кылат. Кызматтан убактылуу четтетүүнү колдонуунун соттук тартибин бекитүү менен, мыйзам чыгаруучу конституциялык маанилүү укуктар жөнүндө сөз болуп жаткандыгынан улам, аларды коргоонун зарыл шарты катары соттук көзөмөлдү караштырган.

6. Ошол эле учурда, талашылып жаткан чаранын убактылуу мүнөзү кылмыш иши кыскартылган учурларда анын милдеттүү түрдө жокко чыгарылышынын зарылдыгын шарттайт, анткени анын колдонулушуна укуктук негиз жоголот. Демек, кылмыш ишинин кыскартылышы кылмыштык куугунтуктоонун аякташынын бир түрү болуп эсептелип, анын тергөө

жүрүшүндө келип чыккан бардык укуктук кесепеттердин жоголушуна алып келет.

Сотко чейинки өндүрүш стадиясында иш кыскартылгандан кийинки кесепеттерди жоюу тергөөчүгө жүктөлөт. Кылмыш ишин кыскартуу тууралуу чечим кабыл алганда, ал өзү тарабынан колдонулган процессуалдык мажбурлоо чараларын жокко чыгарууга гана эмес, ошондой эле кызматтан убактылуу четтетүү чарасын жокко чыгаруу тууралуу өтүнүч менен тергөө судьясына дароо кайрылууга милдеттүү. Мындай милдет кылмыш ишин кыскартуу бул чаранын мындан аркы колдонулушунун укуктук негизин жоготуусу менен шартталат, бирок аны кыскартуу сот тартибинде гана жүзөгө ашырылышы мүмкүн. Демек, сот тартибинде жокко чыгарууну демилгелөө иштин толук процессуалдык чечилишинин зарыл элементи жана адамдын конституциялык укуктарын коргоонун шарты болуп саналат.

Ошол эле учурда, КЖПКнын 267-беренесинин 5-бөлүгү тергөөчүгө жана прокурорго кызматтан убактылуу четтетүүнү жокко чыгаруу жөнүндө өтүнүч менен кайрылуу укугун гана берет, бирок негиздер жоюлган учурда токтоосуз аракеттенүү боюнча милдетин түздөн-түз белгилебейт. Жөнгө салуунун мындай толук эместиги иш жүзүндө чаранын колдонулушун өзүм билемдик менен узартуу жана адамдын укуктарын негизсиз чектөө коркунучун жаратат, бул мыйзамдуулуктун, адилеттүүлүктүн жана соттук коргоонун конституциялык принциптерине ылайык келбейт.

Ушуга байланыштуу, боштукту жоюу жана процессуалдык аракеттердин толуктугун камсыз кылуу үчүн, сотко чейинки стадияда кылмыш ишин кыскартуу тартибин жөнгө салуучу КЖПКнын 258-беренесинде тергөөчүнүн жана прокурордун бөгөт коюу чараларын, материалдык зыяндын жана (же) моралдык залалдын ордун толтурууну камсыз кылуу чараларын, ошондой эле мүлктү конфискациялоо чараларын жокко чыгаруу менен катар, кызматтан убактылуу четтетүүнү жокко чыгаруу маселесин чечүү милдети түздөн-түз каралышы зарыл.

Ушундай эле ыкма кылмыш-жаза процессинин соттук стадияларында да ишке ашырылышы керек. Сот КЖПКнын жоболорун жетекчиликке алып,

кызматтан убактылуу четтетүүнү жокко чыгаруу маселесин кылмыш ишин кыскартканда да, өкүм чыгарганда да, ал айыптоочу же актоочу болгонуна карабастан, кароого милдеттүү.

Мындай аракеттердин тергөөчүнүн, прокурордун жана соттун процессуалдык чечимдеринде чагылдырылышы кылмыш-жаза процессуалдык чечүүнүн толуктугун жана аякталышын камсыз кылат, укуктук негизин жоготкон чектөөлөрдүн сакталышын жокко чыгарат.

Бул учурда соттук коргоо укугун ишке ашыруу даттануунун процессуалдык механизмдери аркылуу камсыздалат. Эгер тергөөчү же прокурор убактылуу четтетүүнү жокко чыгарууну демилгелөө боюнча милдетин аткарбаса, алардын аракетсиздигине кызыкдар жактар КЖПКнын 125-беренесинде белгиленген тартипте даттана алышат. Ошентип, даттануу укугу соттук коргоого болгон конституциялык укукту ишке ашыруунун процессуалдык каражаты катары чыгып, мыйзамсыз чектөөлөрдү жоюуну жана инсандын бузулган укуктарын калыбына келтирүүнү камсыз кылат.

7. Кайрылуучу тараптын КЖПКнын 120-беренесинин кызматтан убактылуу четтетүү жөнүндө тергөө судьясынын токтомуна даттануу механизмин карабаган бөлүгү Конституциянын ченемдерине каршы келет деген далилине байланыштуу, Конституциялык сот төмөнкүлөрдү белгилейт.

КЖПКнын 120-беренеси өзүнүн мазмуну боюнча башка жөнгө салуучу таасирге ээ болуп, ал процессуалдык мажбурлоо чарасын колдонуунун негиздерин, шарттарын жана жокко чыгаруу тартибин аныктайт, бирок анын даттануу маселелерин жөнгө салбайт. Тергөө судьясынын убактылуу четтетүү жөнүндө токтомдоруна даттануунун жол берилүүсү жана чектери КЖПКнын 267-беренесинин 6-бөлүгүндө жөнгө салынган, анда аларга даттанууга тыюу салуу түздөн-түз белгиленет. Бирок көрсөтүлгөн ченем кайрылуунун предмети болуп саналбайт, андыктан, ушул конституциялык өндүрүштүн алкагында текшерүүгө жатпайт. Ошондуктан, КЖПКнын 120-беренесин тергөө судьясынын токтомуна даттануу укугун чектөөчү ченем катары кароого болбойт жана анын конституциялуулугу көрсөтүлгөн аспекттен баалоого жатпайт.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-пунктун, 4 жана 5-бөлүктөрүн, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамдын 48, 49, 52 жана 53-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

**Ч Е Ч Т И:**

1. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 120-беренеси Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 42-беренесинин 1-бөлүгүнө, 57-беренесинин 1-бөлүгүнө, 61-беренесинин 1 жана 2-бөлүктөрүнө, 100-беренесинин 4-бөлүгүнө карама-каршы келбейт деп таанылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 267-беренесинин 5-бөлүгү Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 24-беренесинин 2-бөлүгүнө, 61-беренесинин 1-бөлүгүнө, 100-беренесинин 3-бөлүгүнө карама-каршы келбейт деп таанылсын.

3. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети колдонуудагы укуктук жөнгө салууга ушул Чечимдин жүйөлөштүрүүчү бөлүгүнөн келип чыгуучу тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизсин.

4. Мыйзам чыгаруучу, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексине тийиштүү өзгөртүүлөрдү киргизгенге чейин, айыпталуучуну кызмат ордунан убактылуу четтетүү, мындай чараны көрүү зарылдыгы болбой калганда, прокурордун, тергөөчүнүн өтүнүчү боюнча тергөө судьясынын, ал эми соттук териштирүүдө судьянын, соттун токтому менен жокко чыгарылат деген аракет кылмыш ишин кыскартууда, прокурор, тергөөчү, тергөө судья, судья, сот тарабынан милдеттүү түрдө аткарылууга тийиш аракет катары таанылсын.

5. Чечим акыркы жана даттанууга жатпайт, жарыяланган учурдан тартып күчүнө кирет.

6. Чечим бардык мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, кызмат адамдары, коомдук бирикмелер, юридикалык жана жеке жактар үчүн милдеттүү жана республиканын бардык аймагында аткарылууга тийиш.

7. Ушул Чечим мамлекеттик бийлик органдарынын расмий басылмаларында, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун расмий сайтында жана "Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун Жарчысында" жарыялансын.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУ**